КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*Жалал-абад облусу, Сузак району*
*Жар-Кыштак айылы*
*тел(03748).2-13-11*
*Жалал-абадская область Сузакский район*
*село Жар-Кыштак*

***ТОКТОМ***
***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

***«20» май 2023-жыл. №16/1*** ***Жар-Кыштак айылы.***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XVI СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына, өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн бюджет, айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 16.05.2023-жылдагы №11 протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып, 2023-жылдын 5-айынын жыйынтыгы менен пландык көрсөткүчтөрдөн ашыкча жыйналган «салык агенти төлөөчү киреше салыгы» (11111100) беренесин боюнча бекитилген план 2500,0 миң сомго, «декларация негизинде салык агенти төлөөчү киреше салыгы» (11111200) беренеси боюнча 425,0 миң сомго, «патент негизинде салык» (11122200) беренеси боюнча бекитилген план 2123,0 миң сом, «жер казнасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым» (14151200) беренеси боюнча бекитилген план 383,0 миң сомго, «жайыт ижарасы үчүн жыйым» (14152200) беренеси боюнча бекитилген план 171,0 миң сом көбөйтүрүлсүн. Ал эми бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине, “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамын ишке ашыруу боюнча токтомуна ылайык жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу кошумча **171,0** миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты 3/2 бөлүгү жайыт комитетине чыгаша бөлүгүнүн (70429) “дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесин (ст.2215) 114,0 миң сомго, жайыт комитетинин кайрылуусун негизинде жайыт жана чөп орок черлердин жолдорун оңдоо максатында (70429) бөлүмү “дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесин (ст.2215) 100,0 миң сомго, (70629) комуналдык чарба бөлүмүн “дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу” беренесин (ст.2215) контракттын негизинде айыл өкмөтүнүн чарба жумуштарын жүргүзүүгө 1 штаттык бирдик кармоого эмгек акысы 96,0 миң сом, социалдык фондко болгон чегирүү үчүн 16,6 миң сом, Кыр-Жол жана Жар-Кыштак айылдарындагы мүрзөлөрдү инфраструктурасын оңдоо үчүн 251,4 миң сом, келишим негизинде Ырыс турмуш тирикчилик чарбасына Бишкек-Ош-Жалал-Абад-Сузак айланпасын көрктөндүрүү жана жашылдандырууга 300,0 миң сом ажыратылып, жалпысы болуп **664,0** миң сом, имараттар жана курулуштар (ст.3111) 2873,0 миң сомго,

“машиналар жана жабдуулар” беренесин (ст.3112) 326,0 миң сомго, (70921) орто мектеп бөлүмү “имарат жана курулмалар” беренесин (ст.3111) 900,0 миң сомго, (70923) негизги мектеп бөлүмү “имарат жана курулмалар” беренесин (ст.3111) 600,0 миң сом, (70911) бала бакча бөлүмү (ст.3111) 25,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

2. Атыйын каражат эсебинен «Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы» (ст. 14232400) беренеси боюнча бекитилген план 2000,0 миң сомго көбөйтүлсүн жана Бюджеттик Кодекстин 130-беренесине негизденип бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында чыгаша бөлүгүнүн «Балдар бакчасы бөлүмү» (70911) «Тамак ашы азыктарын алуу” беренесин (ст.2811) 2000,0 миң сомго көбөйтүлсүн. «Учурдагы жардам» (14232200) планы 18,0 миң сомго план көбөйтүрүлүп «аппарат бөлүмү» (70111) “кызматтык кыдырууларга чыгаша” беренесин (ст.2211) 5,0 миң сом, “учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарыды алуу” (ст.2222) 13,0 миң сомго көбөйтүрүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июнундагы ПЖ №278 Жарлыгына аткаруу максатында Ырыс маданият үйүн “худруг” штат бирдиги бюджеттин тартыштыгы жана ал штаттык бирдиктерге муктаждык жоктугуна байланыштуу кыскартылсын.

4. Бюджеттик кирешелерге жана чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

5. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш. М. Кадиркулов.**